# КАФЕДРАНЫН МАТЕРИАЛДЫК ТЕХНИКАЛЫК БАЗАСЫ

**Кафедранын жалпы аудиториялык фонду 667 м$^2$ түзөт. Кафедрада 3 мультимедиялык жабдыктар менен жабдылган дарстык аудитория, ар кандай профилге багытталган 7 тажрыйбакана, 14 компьютери бар, бир компьютердик класс жана бир окуу полигону (2268,43 м$^2$) бекитилген**

| Жалпы аянты, м$^2$ | Аудиториянын арналышы | Саны | Аудитория-лардын жалпы аянты, м$^2$ |
|---|---|---|---|
| 2268,43 | Дарс залы | 3 | 195,2 |
| | Окуу классы | 2 | 38,5 |
| | Компьютердик класс | 1 | 33,0 |
| | Тажрыйбакана | 7 | 303,9 |
| | Окуу полигону | 1 | 1116,5 |
| | Лб. 300 кВ | 1 | 500 |









2024-25 окуу  жылында кафедра энергетика тармагындагы алдыңкы ата-мекендик жана чет өлкөлүк өндүрүштөр менен өнөктөштүк мамилелерди колдонуп, институттун илимий демилгесин колдоп, лабораториялык жана практикалык базасын активдүү өнүктүрүүдө. Бир нече негизги лабораториялар түзүлдү жана модернизацияланды:

1. Т.и.д., проф. А.Б. Бакасова жана т.и.к., доц. Б.К. Такырбашовдун жетекчилиги астында Заманбап ТОР-300-ДФЗ-220 приборун колдонуунун негизинде «110 кВ жана андан жогорку линияларды коргоо» адистештирилген  атайын интеллектуалдык лаборатория түзүлдү.Заманбап приборду, билим берүү максатында Россия Федерациясынын Чебоксары шаарындагы «Релематика» ЖЧКсы, белек катары  биздин кафедрага акысыз берди. Лаборатория жогорку чыңалуудагы электр берүү линияларынын реалдуу иштөө шарттарын окшоштурган негизги лабораториялык иштерди аткарат, атап айтканда: Дифференциалдык фазалык коргоо; Аралыктан коргоо; Багыттуу нөл ырааттуу токтук коргоо; Максималдык токтук кырчуу жана максималдык токтук коргоо.

Бул лаборатория студенттерге заманбап релелик коргоо жана автоматика приборлору менен иштөө боюнча практикалык көндүмдөрдү алуу үчүн уникалдуу мүмкүнчүлүк берет, бул бүтүрүүчүлөрдүн даярдыгынын деңгээлин бир топ жакшыртат.





Т.и.к., доцент Ж.С. Иманакунованын жетекчилиги астында «Электр энергиясын өндүрүү» сабагы  боюнча окуу лабораториясы түзүлдү. Бул лабораторияны  түзүү  «Электросила» ЖЧКсынын башкы директору, И.Раззаков атындагы КМТУнун ардактуу профессору А.Р. Водяновдун колдоосу аркылуу ишке ашты. Лаборатория «Электр энергетикасы жана электротехникасы» адистигинин студенттери үчүн арналган жана реалдуу объектилерде колдонулганга окшош жабдуулар менен жабдылган: 10 кВ шкафы; Май жана вакуумдук өчүргүчтөр; Ток жана чыңалуу трансформаторлору; Башка көмөкчү электр жабдуулары.









И.Раззаков атындагы КМТУ менен Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Кыргыз энергетика илим-изилдөө институтунун (КНИЭИ) ортосунда биргелешкен окуу, өндүрүш жана илимий лаборатория түзүү жөнүндө келишимдин негизинде 2022-жылы кафедрага СССР доорунан бери сакталып келген 300 кВ жогорку вольттогу уникалдуу лаборатория берилген.

Лабораториянын башчысы Т. Кабаевдин жетекчилиги астында т.и.к., доцент У.А.Калматовдун жардамы менен, ошондой эле энергетика тармагынын демөөрчүлүгү менен лабораторияны оңдоо жана калыбына келтирүү иштери графикке ылайык жүргүзүлүүдө. Бул лаборатория өзгөчө баалуу, анткени ал Кыргызстанда теңдеши жок уникалдуу жогорку вольттогу жабдуулар менен жабдылган.

Лабораторияда төмөндөгүдөй иштер жасалат:Студенттердин, магистранттардын жана аспиранттардын лабораториялык, практикалык жана илимий изилдөө иштерин жүргүзүү; адистештирилген стажировкаларды өткөрүү; 110 - 220 кВ чыңалуусу жогорулатылган электр жабдууларын сыноо; Энергетикалык ишканалардын инженердик-техникалык кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу курстарын уюштуруу.









2024-жылдын 26-октябрында Кыргыз Республикасынын Президентинин КЭРге мамлекеттик сапарынын алкагында түзүлгөн келишимдин негизинде И.Раззаков атындагы КМТУда Лу-Бан устаканасынын расмий ачылышы болуп өттү.Долбоор Чжэцзян суу ресурстары жана гидроэнергетика университети жана биринчи Чжэцзян гидроэнергетика курулуш тобу (Zhejiang First Hydropower Construction Group) тарабынан колдоого алынган. Долбоорду ишке ашыруунун алкагында, Лу Бан устаканасында И.Раззаков атындагы КМТУнун Энергетикалык окуу борбору түзүлүп, мында т.и.к., Р.Б. Тентиевдин жана ага окутуучу Т.Р. Молдобаеванын жетекчилиги астында электрмонтаж жана жайгаштырып-тууралоо иштери жасалып, кафедранын күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүнүн студенттери үчүн «Релелик коргоо жана автоматика», «Релелик коргоону долбоорлоонун негиздери жана энергетикалык системаларды автоматташтыруу» сабактары боюнча окуу жана лабораториялык иштерди өткөрүп жатышат.








